| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>АКНАЗАРОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АКНАЗАРОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

# ТОКТОМ

2026-жылдын 25-февралы №11 Кызыл-Октябрь айылы

**Акназаров айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлерин кайра болүштүрүү фондунун жерлерин аукционго коюу жөнүндө**

Акназаров айыл аймагынын айылдык кеңешинин 2026-жылдын 25-февралындагы кезектеги 14-сессиясы жер жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Н.Нурматовдун маалыматын угуп, талкуулап чыгып токтом кылат:

1.Акназаров айыл өкмөтүнүн айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринен 36,0 гектар айдоо сугат жер аукционго, ар бир лотко 1 гектардан коюлсун, аз камсыз болгон жарандарга 6,5 гектар жер тикелей берилсин,29,93 гектар алма бак аукцинго коюлсун,18,50 гектар алма бак конкурс аркылуу берилсин

2.Кызыл-Октябрь айылындагы аукционго коюла турган 1 гектар жердин баштапкы баасы 10000 сом, арымы 1000 сом , Шадыкан айылындагы 1 гектар жердин баштапкы баасы 7000 сом, арымы 700 сом өлчөмүндө бекитилсин.

3.Акназаровдогу аукционго коюла турган 29,93 гектар алма бактын баштапкы баасы 15000 сом, арымы 1000 сом.өлчөмүндө бекитилсин.Жалпы 18,50 гектар алма бактар конкурска коюлсун.

4.Токтомду аткаруу жагы Акназаров айыл өкмөтүнүн жер жана жайыт маселелери боюнча башкы адиси С.Исмаиловго жана жер жана жайыт маселелери боюнча жетектөөчү адиси Ү.Көчөровго милдеттендирилсин..

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Акназаров айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Доулбековго жүктөлсүн.

6.Бул токтом жарыялангандан кийин күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Коккозов**